Бекитемин

№17 С.Далбаев атындагы МГ

директору:

_____________Омурзакова Д.

С. Далбаев атындагы №17 -мектеп-гимназиясынын педагогикалык консилиму жөнүндө

ЖОБО

1. Жалпы жоболор

1.1 Мектепте педагогикалык консилиум (ПК) окуучуну ар тараптан таанып билүү үчүн, анын ички дүйнөсүн, окууга болгон мамилесин, окуу мүмкүнчүлүктөрүн, жөндөмдүүлүгүн, окууда алдын койгон максаттарын аныктоо үчүн өтүлөт.

1.2 ПКнын максаты ар бир окуучунун жана жалпы класстын окууга болгон мүмкүнчүлүгүн, тарбиялык деңгээлин, адептүүлүгүн ж.б. сапаттарын аныктоо, изилдөө жана ар бир окуучуга объективдүү мүнөздөмө берүү.

1.3 ПКнын милдеттери болуп төмөндөгүлөр эсептелинет:

- окуучулардын окууда жана тарбияда болгон кемчиликтерин жоюу үчүн тарбиялык деңгээлин жогорулатууга керектүү болгон бирдиктүү позицияны жана конкреттүү иш-чараларды иштеп чыгуу;

- окуу процессин оптимизациялоо үчүн педагогикалык жамааттын, ата-энелер коомунун окуучулар коллективинин биргелешип аткаруучу негизги иш-чараларын аныктоо;

- ПКнын жыйынтыгын жетекчилике алып; окутуунун жана тарбиялоонун натыйжалуулугун жогорулатуу;

- окуу – тарбия иштеринде аныкталган кемчиликтерди жоюу;

1.4 ПК окуучулардын окууга болгон мамилесин, тарбиясын, коомдук жана эмгек активдүүлүгүн мектептин талаптарына ылайык келтирүү аракеттерине багытталган.

2. ПКны уюштуруу тартиби:

2.1 ПК өтүлүүчү класста алдын ала жүргүзүлүүчү иш-чаралар.

- каралуучу маселе аныкталат;

- класста алдын ала анкета жүргүзүлөт ;

- класс жетекчиге , окуучуларга алдын алаа эскертилип. ПК өтүлүүчү мөөнөт аныкталат;

- класстын билим сапаты, тартиби, класстан тышкаркы активдүүлүгү көрсөтүлүүчү аналитикалык материалдар чогултулат (акыркы текшерүү иштери, тест, чейректин жыйынтыгы, конкурстар, олимпиадалар ж.б.);

2.2 ПКнын регламенти белгиленет;

2.3 ПК мектеп ичинде жүргүзүлөт;

2.4 Пкнын төрагасы мектептин директору болот;

2.5 ПКнын катчысы төрага тарабынан дайындалып, токтомду (протоколду) алып барат;

2.6 ПКнын жетектөөсү директордун орун басары атайын буйрук менен бекитилет;

2.7 ПКга катышуучулар класска сабак берген мугалимдер.ата-энелер, окуучулар, мектеп администрациясынын мүчөлөрү, китепканачы, мектеп парламенти, техникалык персонал, медицина кызматкерлери, ошондой эле коомчулуктун өкүлдөрүнө катышууга мүмкүнчүлүк берилет.

3. ПКнын жүрүшү:

3.1 Директордун ОТИ боюнча орун басары класстын окуусу жана тартиби, класска сабак берген мугалимдер жөнүндө, предметтердин окуу-методикалык камсыздыгы жөнүндө кириш сөз кылат.

3.2 Класс жетекчи класска окуу-тарбия иштери, социалдык абалы боюнча мүнөздөмө берет.

3.3 Сабак берген мугалимдер өзүнүн предметтик боюнча класска мүнөздөмө беришет, сунуштарды киргизишет.

3.4 ПКнын жүрүшүндө катышкан мугалимдер атайын баракчага параметрлер боюнча белги түшүрүшөт. Атайын баракчадагы белгилер боюнча жыйынтык маалымат чыгарылып, алардын негизинде сунуштар киргизилет.

3.5 Окуучулар ата-энелер каралып жаткан маселе боюнча өз пикирлерин, ойлорун, сунуштарын билдире алышат.

3.6 ПК аяктаган учурда төрага эксперт катары ПКны жыйынтыктайт.

3.7 Класска, зарыл болгон учурларда окуучуга, жалпы корутунду катары баалоо жүргүзүлөт.

3.8 Сунуштардан келип чыккан ПКнын чечими жалпы добуш берүү менен резолюция формасында кабыл алынышы мүмкүн. Айрым сунуштар педагогикалык кеңеште, ата-энелер чоогулушунда кароого сунушталат.

3.9 ПКнын чечими боюнча аткарылган иш чаралардын жыйынтыктары ар бир чейрек сайын каралат.